## 2. МИНИМАЛДУУ ТАЛАПТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН ТАЛДОО ЖАНА ТАСТЫКТООЧУ БАЗА

| № | Өзүн – өзү баалоо үчүн критерийлер | Өзүн – өзү баалоонун натыйжалары | Тастыктоочу база |
|---|---|---|---|
| | | **БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ** | |
| 1.1 | Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички акттардын болушу. | №2 Асан Абдраимов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби юридикалык мекеме болуп эсептелет.<br>Мектеп ишмердиктин жана тажрыйбанын мыкты жетишкендиктерин, педагогикалык кызматкерлердин жогорку кесиптик чеберчилигин, жалпы педагогикалык технологиялардын негизинде билим сапатын жогорулатуунун үстүндө мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык иш алып барат.<br>Мектеп 2 (эки) сменада иш алып барат, 0-11-класстарында окуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт.Сабактар базистик окуу пландын негизинде жүргүзүлөт.Регламентке ылайык сабактар 45 мүнөттөн жүргүзүлөт жана 5 мүнөттүк танапис.<br>Сабак: саат $8^{00}$ – $18^{00}$ чейин жүргүзүлөт.<br>2020-2021-окуу жылында каникулдардын графиктери Кыргыз Республикасынын жалпы Билим берүү мекемелеринин базистик окуу планынын негизинде такталган. | Билим берүү мекемесинин уставы (2013-жылдын октябрь айында Юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөн).<br>(№1,2 тиркеме тиркелет) |
| 1.2 | Билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана өзүн-өзү баалоонун ар жылдык жыйынтыктарын эске алуу менен иштелип чыккан стратегиялык жана учурдагы пландардын болушу; | Мектеп стратегиялык жана учурдагы түзүлгөн пландардын негизинде кызыктар тараптардын муктаждыктарына туура келүүчү так аныкталган миссияга ээ. Мектептин миссиясы “Окуучулардын билим сапатын көтөрүү жана ыймандуулукка тарбиялоо”<br>Мектептин миссиясынын негизинде төмөнкү максаттар кабыл алынган:<br>• Окуучуларга жекече мамиле кылуу менен билим сапатын көтөрүүгө жетишүү;<br>• Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, өз алдынчалыгын кеңейтүү үчүн башкаруунун жана окутуунун интерактивдүү усулдарын колдонуу,<br>• Мектептин ичинде олимпиадаларды, предметтик таймаштарды өткөрүү менен окуучулар билимге болгон кызыгуусун арттыруу;<br>• Мектептин техникалык базасын чыңдоо;<br>• Мектептин көмөкчү чарбасы аркылуу 1-4-класстарынын тамак-ашынын сапатын жакшыртуу; | Мектептин 2020-2024 –окуу жылына карата бекитилген стратегиялык планы.<br>(№3 тиркеме тиркелет) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • Мектепте дене тарбия, АЧД сабактарынын берилишин жакшыртуу менен окуучулардын ден-соолугуна, патриоттук сезимдеринин калыптанышына кам көрүү;<br>• Кружоктук сабактарды, ийримдерди уюштуруу аркылуу окуучулардын шык жөндөмдөрүн ойготуу, коомдук иштерге активдүү катышууга үйрөтүү;<br>Мектептин сратегиялык планы 2021-2022-окуу жылында Педагогикалык кеңештин №6 протоколу менен кабыл алынган. Кабыл алынган стратегиялык пландын ишке ашышы:<br>1. Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо;<br>• 2020 – 2024 – жылга чейин стратегиялык план түзүлгөн<br>• Көмөкчү чарбаны кеңейтүү менен шашке тамагынын  берилишин жакшыртуу.<br>• Билим берүүнү жкшыртуу максатында заманбап технологиялар менен камсыз кылуу.<br>• Билим берүүдө жарандык укуктардын, сабырдуулуктун негизинде билим тарбия берүүнү өнүктүрүү.<br>2. Стратегиялык пландын аткарылышы;<br>• 2018-жылы башталган спорт залдын курулушунун бүткөрүлүшү.<br>• Ашкананын өзүнчө курулушу.<br>• Башталгыч класстарга өзүнчө имарат куруу.<br>• Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу.<br>**Окуу уюмдарынын инфраструктурасын жакшыртуу максатында 2018-2019-окуу жылында:**<br>• Демөөрчүлүк менен А. Жаныкеев актовый залга отургуч 80,0<br>20 жылдыктар тарабынан Ч. Айтматов атындагы кабинетке  450,0 жана бир класстык бөлмөгө 56,0 парта стул , мугалимдердин демилгеси менен 35,0 зал оформление,<br>К. Сулайманов атындагы кабинетке156,0,<br>Б. Абдыкадырова атындагы кабинетке 300,0,<br>А. Матиев атындагы кабинетке 15,0, | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Бекболотов Азамат усулкана шкаф 10,0, Башталгыч класстын мугалимдеринин демөөрчүлүгү менен түстүү принтер 18,0 алынган.<br><br>**2019-2020-окуу жылында:**<br>Билим берүүнү жакшыртуу максатында демөөрчүлөр жана мугалимдер тарабынан 3 интерактивдүү доска, 1 принтер, микрофон, шкаф, актовый залдын отургучтарына чехол алынган.<br>**2020 – 2021 – окуу жылында:**<br>Материалдык-техникалык базаны чыңдоо максатында мугалимдер тарабынан 7 телевизор, 3 шкаф, класс кабинеттеринин терезелерине ролл-шторы алынган.<br>**2021-2022 окуу жылында ;**<br>1млн 317 мин сомго мектептин жылытуу системасы жаныртылды. | |
| 1.3 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу жана жооптуу адамдардын түзүмдөрдүн болушу; | Билим берүү уюмунда билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген системасынын жардамы менен билим берүү сапатын камсыздоо саясатын киргизүүгө жооп берүүчү жооптуу болуп мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директорунун орун басары, усулдук бирикмелердин жетекчилери жана класс жетекчилер эсептелинет. | Мектептин 2022-жылдын 13-сентябрындагы педагогикалык кеңештин чечими менен класс жетекчилер, усулдук бирикме жетекчилер жана ийрим жетекчилери бекитилген.<br>(№6 – тиркеме) |
| 1.4 | Персоналдын жана окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу,аларды сактоо (билим берүүнүн жана инсандын, маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктарынколдоочу уюштуруучулук маданияттын калыптангандыгы); | Мектептин ишмердүүлүгү КРнын мыйзамдарынын, баланын укугу жөнүндө Конвенциянын, КРнын Президентинин жана Өкмөтүнүн указдары менен токтомдору, мектептин уставы, жалпы билим берүү мектеби жөнүндө жобо, кызматтык инструкциялар, буйруктар жана башка нормативдик – локалдык актылар аркылуу ишке ашат. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин негизинде ички эмгек тартиби түзүлгөн.Жумушка кабыл алууда ар бир кызматкер менен эмгек келишим түзүлөт.Келишимде укуктары, милдеттери жана этикалык нормалары сактоону о.э кошумча инструкциялар боюнча тааныштырылат.<br>Мектепте кабыл алынган нормалар жана эрежелер окуу поцессинин баардык катышуучуларына билдиргендиктен | Ички эмгек тартибинин эрежелери тиркелет.<br>(№7-тиркеме) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | .акыркы 5 жылдын ичинде мындай кырдаалдар пайда болгон тжок, баары түшүнүү менен кабыл алынат.<br>Окуучулардын жүрүмөтурум эрежелери мектептин уставында жазылган жана жыл сайын окуучуларга жана ата-энелерге билдирилет. Ата-энелер менен 3 тараптуу келишим түзүлөт.Мектепте “балдар жана өспүрүмдөр арасында укук бузуучулуктун жана кароосуздуктун алдын алуу боюнча иштердин системасы жөнүндө”КР нын мыйзамынын ишке ашыруу боюнча профилактиалык кенеш бар.ИДН инспектору мектеп дайым байланышта иштейт. | |
| 1.5 | Иштти баалоо, пландоо, уюштуруу ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүү механизмдеринин жана жол-жоболорунун болушу; | Коопсуз билим берүү чөйрөсүнүн көрсөткүчтөрүн баалоо үчүн мектепте өзүн-өзү баалоо системасы иштелип чыккан.<br>-Класстардын паспортун түзүү.Комплекстүү баалоону кабинетте иштеген мугалимдер жүргүзөт.<br>-Окуучулардын ысык тамак менен камсыздоо атайын комиссия менен(Жооптуу кызматкер,ата-эне) каралат.<br>-Мектептин физикалык жана психологиялык коопсуздук денгээлин соц педагог окуучулук комитет менен бирдикте иликтейт.<br>- өзүн-өзү баалоо жылына бир жолу жүргүзүлөт.Анын натыйжалары аталган комиссия курамынын отурумдарында талкуланып, көйгөйлөр баса белгиленип чечилишине жараша ресурстар тартылат.Жыйынтыгы пед кенешке сунушталат.<br>Бидин мектепте мугалимдердин иштөө ыкмаларын ынгайлуу жана коопсуз үйрөтүү шарттар түзлгөн.Окуу кабинеттери тематикалык предметтик маалыматтык стенддер менен жабдылган.Атайын адистештирилген кабинеттер лабароториялык штерди жүргүзүүгө ылайыташтырылган .мындай кабинеттер ТК боюнча инструктаждан өтүшөт жана ТК сакталат. | ТК боюнча инструктаж.буйрук<br>Мектеп парламенти Соц педпгог |
| 1.6 | Кызыктар тараптарды тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун жана тиешелүү оңдоолорду киргизүүнүн колдонуудагы механизмдеринин болушу; | Мектепте сапаттуу билим берүүгө ар кандай кызыкдар тараптарды тартууга мүмкүндүк берген мамлекеттик башкаруу системасы бар..<br>Камкорчу кенеши- шайлануучу орган . Анын курамын жалпы ата-энелер чогулушунда шайланып бекитилет.<br>Профсоюз уюму- мектептин бардык мугалимдери , техникалык кызматкерлери кирет.<br>Мектеп парламенти-мектеп окуучуларынын өз алдынча башкаруунун бир формасы.<br>Ата-энелер комитети менен мектеп тыгыз байланышта .Кылмыштуулукту алдын алуу жана окуу процессин жогорку | Профсоюз планы камкорчу кенеш<br>Ата энелер комитети жобо<br>Мектеп парламенти |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | денгээлде уюштуруу үчүн ата-энелер ,окуучу менен бирдикте 3 тараптуу келишим түзүлөт.<br>Жогорудагы түзүмдөр көйгөлөрдүн пайда болушуна өз убагында жооп берүүгө мүмкүндүк берет.Аларды ыкчам чечүгө кызыкдар тараптарды тартат жана андан ары пландаштырууну өркүндөтөт. | |
| 1.7 | Билим берүүнү башкаруунун колдонуудагы маалыматтык системасынын, веб-сайттын, электрондук почтанын болушу; | Мектепте туруктуу жана алмашып туруучу стенддер.<br>веб-сайтта жана соц тармактарга жайгаштыруу<br>WhatsApp ыкчам билдирүү .текстик маалыматтар<br>Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы(ИСУО) бар дайыма толтурулуп турат.<br>Мектептин электрондук почтасы<br>Мектепте медиа бурчу уюшулган. | сайттар |

**Күчтүү жактар:1.Мектеп көп жылдык агартуучулук жолунда көптөгөн ийгиликтерге жетише алган.2013-ж,2015-ж,2019 -окуу жылдарында райондук мектеп аралык “Жылдын мыкты мектеби” сынагында 2-орун, жана 2021-2022-окуу жылында 1-орунга ээ болгон.**
2.Мектепте билим берүү сапатын башкаруунун эффективдүү системасы түзлгөн.Таланттуу,зээндүү окуучулар менен тынымсыз иш алып барылат.

**Алсыз жактар:** Кээ бир ата-энелердин баланын билим алуусуна жана мектеп турмушуна көңүл бурбагандыгы.

**Сунуштар;Мугалимдин МКТ менен иштешине шарт түзүү**

## 2. КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.1 | Педагогикалык, административдик, окутуучу – көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды жумушка кабыл алуунун (жумуштан бошотуунун) обьективдүү критерийлерин жана шарттарын камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу; | Мектепте мугалимдердижана окутуучу-көмөкчү курамды жумушка кабыл алуу (жумуштан бошотуу).<br>КРнын Эмгек кодексинин беренелерине ылайык, мектептин Уставынын, мектептин профсоюздук комитети менен ачык айкын жана обьективдүү чен өлчөмдөрдүн негизинде жүргүзүлөт.Кызматкерге жамааттык келишим, устав. ички эмгек тартиби , кызматтык нускамалар , эмгекти коргоо, коопсуздук эрежелерди сактоо, билим берүү | Талапка ылайык жүргүзүлөт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мекмесине мүнөздүү ишө\кагаздаы менен тааныштырылып, кол койдурулат. | |
| 2.2 | Штаттардын комплекттелишинин, педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү; | 2022-2023 окуу жылына штаттык расписаниеге ылыайык камсыздалган жана билим берүү адистигин тастыктаган тиешелүү педагогикалык билими бар дипломдуу,тажрыйбасы мол , компетентүүлүккө ээ кызматкерлер менен толкукталган.Мугалимдердин жаш окутуучу – көмөкчү курамдын квалификациясы, билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим берилүүчү программага жана билим берүү процессинин талаптарына ылайык жүргүзүлөт.Педагогикалык жамаатынын ар биринин квалификациясы жана билим берүү программасына шайкеш келет.<br>Педагогикалык квалификацияларын жогорулатуу үчүн КАОнун курсатрына баруу график аркылуу ишке ашат жана өз алдынча билимин көтөрүү үчүн ар андай курстарга окушат. | Мугалимдердин сапаттык курамы. (№10-тиркеме) |
| 2.3 | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу; | Мектепте биргелешкен иш-аркеттеринин жана баарлашуунун жүрүшүндө бир нече мамилелер тутуму түзүлгөн.Биздин мектепте дайыма достук, биримдик,ынтымактык атмосферасы өкүм сүрөт. Бири-бири менен сый мамиледе.Мугалимдик психологиялык-моралдык мамилелер ,кийинки педагогикалык ишмердүүлүгүнө , изденүсүүндө, татыктуу тарбия,билим берүүгө түрткү болот.Ар бир датаалуу күндөрдү,иш-чараларды , акцияларга катышып байгелүү орундарга ээ болушат. | Суроттор, профсоюздун планыК |
| 2.4 | Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу – көмөкчү персоналдын ишин баалоону, анын жыйынтыгы менен чечимдерди | Мектепте педагогдордун жана кенже кызматкерлердин ишмердүүлүнө баа берилип моралдык жактан стимулдаштыруу, ыраазычык каттарды , ар кандай денгээлдеги сертификаттар, | Сыйлыктар,маалыматжобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу; | ишенимдүү атмосфераны түзүү, кесипкөй карьералык өсүш системасы киргизилген. Педагогикалык жамааты жана мектеп кызматкерлерин материалдык жактан кызыктыруу мектеп Уставында дагы жазылган. | |

**Күчтүү жактар: №2 Асан Абраимов атындагы ж.б.б.о мектебинин педагогикалык составы квалификациялык талаптарга ылайык комплектелген..** Мугалимдерди жумушка кабыл алууда биринчи кезекте атайын түзүлгөн комиссия тарабынан аңгемелешүү өткөрүлөт. Мугалимдердин ийгилиги окуу жылынын аягында ар кандай ведомстволук сыйлыктарга күрсөтүлөт.Мектепте ынтымакта , биримдикте иштей ала турган туруктуу жамаат бар.Ошондуктан кадрлардын келип-кетүүсү , алмашуусу минималдуу пайыз. Бул болсо мектептеги жагымдуу психологиялык- физикалык климатты түзүү менен билим берүү уюмундагы коопсуз чөйрөнү жаратат.

**Алсыз жактар:** ЖОЖдор сапаттуу кадрларды даярдаса.Жаш мугалимдерди үн өзүн-өзү анализдөө денгээли жетишсиз.Улуу мугалимдерд заманбап компетенцияларынын өнүгүүсү жай. Жогорку ведомстволук сыйлыктарга көрсөтүү квотасы аз санда берилиши.

**Сунуш; Мектеп кызматкерлерин мотивациялоо максатында демөөрчүлөрдү кызматташтыкка тартуу.Ведомстволук сыйлыктардын берилишин көбөйтүү.**

## 2. МАТЕРИАЛДЫК –ТЕХНИКАЛЫК БАЗА

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.1 | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал, актылар залы, медициналык пункт, ашкана), ошондой эле жашоо үчүн тиешелүү шарттары бар жатаканалардын (эгерде болсо) болушу; | Мектепте 1 компьютердик класс бар жана 3 компьютер иштейт, 3 интерактивдүү доска, 7 телевизор, 2 принтер бар. Бардык окуу бөлмөлөрү окуучулардын жаш өзгөчөлүгү боюнча эмеректер менен камсыздалган.<br>- Мектептин 2 корпусунун алдына тең пандустар жасалган.<br>- Мектептин заманбап кичи футбол аянтчасы бар.Спорт зал жок.<br>- Мектеп толугу менен эмеректер менен жабдылган.<br>- Мектепте мүмкүнчүлүгү чектелген окуучуларга толук шарттар түзүлгөн.<br>- -Ашкана бардык шарттар менен окуучуларды ысык тамак менен камсыздайт. | Материалдык - техникалык база. (№11тиркеме) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| 3.2 | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери); | - Мектепте өрт коопсуздугуна каршы зарыл чаралар көрүлгөн.<br>- Имараттын курулушу сейсмикалык коопсуздуктун талаптарына ылайык салынган.<br>- Билим берүү уюмунда санитардык эрежелер жана нормативдер сакталган.<br>- Мектеп ар кандай өзгөчө кырдаалдарга даяр.<br>- Билим берүү уюму эффективдүү энергия менен камсыз болгон.<br>- Эвакуациялык план түзүлүп, илинген.<br>- Мектеп айланасы жашылдандырылган.<br>- Мектептин окуу материалдык базасы (жарыктандырылган, өрт коопсуздугу, санитардык талаптарга толук жооп берет.) | Мектептин тех паспорту,мамлекеттик акт.(№12өтиркеме) |
| 3.3 | Материалдыкөтехникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу; | Окуучулардын билим жана тарбия алууга талапка ылайык шарттар түзүлгөн. Мектептин имараты 2 корпустан турат. Бардык окуу бөлмөлөрүндө жаш өзгөчөлүгү боюнча мебель, класстык доска, китеп шкафтар менен камсыздалган. Мамлекеттик компоненттүүлүктү чыңдоо боюнча керектүү болгон окуу методикалык жана маалымат ресурстарын камсыз кылуу КРнын Билим берүү жана илим министрлиги койгон талаптарга жооп берет.Өрт өчүрүү шаймандары, эвакуациялык пландар илинген. | Стратегиялык план. |

| | | |
|---|---|---|
| **Күчтүү жактар:** Ата-энелердин, коомчулуктун мектеп менен байланышы, мектептин иши менен кызыктар болушуна жетишүү, балдарды тарбиялоодо ата-энелердин жана коомчулуктун жоопкерчилигин жогорулатуу; | | |
| **Алсыз жактар:** Кээ бир ата-энелердин Билим берүү программалары менен түшүнүгү жок.<br>Окуучулардын китеп окуусу үчүн окуу залы керек | | Сун |

| | |
|---|---|
| Күз-кыш мезгилинде дене тарбия сабактарын өтүү үчүн спорт зал жок.<br>Ашкананын өзүнчө болуусу керек.<br>Мектепте психологдун, мед айымдын жок. | |

**Сунуш; Мектепте медициналык кабинеттин уюштуруу.Ар кандай долбоорлор менен иш алып баруу.Кошумча каражаттардын эсебинен окуу китептери менен жабдуу.Спорт залдын болушун камсыз кылуу. Өзүнчө курулган ашканага муктаж.**

## 4. ФИНАНСЫЛЫК РЕСУРСТАРДЫ БАШКАРУУ

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.1 | Финансылык пландоо системасынын болушу; | Финансылык пландаштырууну уюштурууда мектептин функционалдык ишинин негизги максатына -мапаттуу билим берүү кызматын көрсөтүү жана МТБны чындоо кирет . Мектептин финансылык пландоо обьектилерине бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы финансылык ресурстар кирет. Мектептин бюджети ченемдик принцип боюнча окуучулардын санына жана стандарттардын шкаласына жраша түзүлөт.Мектепте өндүрүштүк базанын жоктугунан кошумча билим берүү кызматтары жок.Жергиликтүү айыл өкмөткө жыл сайын бюджеттин долбоору жазылып, ал жергиликтүү кенештин сессиясында талкууланып кабыл алынат, статьяларга ылайык каржыланып турат.Каржылоонун 3 булагы биргелешип каржылоо аркылуу ата-энелердин, демүүрчүлөрдүн ыктыярдуу салымдарынан, мектеп аркылуу фонд, инвесторлор тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан долбоорлордон түшкөн акча | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | каражаттары, ошондой эле кызыкдар тарптын ар кандай каржылык колдоосун билдирет. | |
| 4.2 | Кошумча финансы ресурстарын тартуу, бөлүштүрүү жана отчеттуулук боюнча ачык-айкын механизмдердин болушу; | Мектепте көзөмөлчүлөр коому түзүлгөн.Ал өзүнүн ишмердүүлүгүндө МТБсын өнүктүрүүгө кошумча каражат тартууга көмөктөшөт.АГА-Хан фондусу тарабынан мектепке телевизор, проектор ж.б керектүү жабдыктар алынды. | |
| 4.3 | Финансы ресурстарын жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу; | Мектепте финансылык ресурстарын жакшыртуу боюнча иш-чараларын пландаштыруу финансылык мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен , өткөн жылдын финансылык планынын аткарылышын талдоо., коюлган милдеттерге жараша ж.б. төмөнкү принциптердин негизинде жүргүзүлөт. Артыкчыларды аныктоо,болжолдоо,финансылык коопсуздук, оптималдаштыруу, координациялоо жана интеграциялоо, документештирүү.<br>№2 А.Абдраимов атындагы ж.б.б.о.м. Финансылык ресурстарды өркүндөтүү, жакшыртуу боюнча төмөнкү механизмдер колдонулат.<br>ЧОГУЛУШ; долбоорлор үчүн иштелип чыккан тендер үчүн каражат алуу<br>БААЛОО; билим берүү процессиндеги кызыкдар тараптын сурамжылоолору, КК отчеттору. Китепкананын отчету<br>ТАЛДОО: Ата-энелер чогулуштары , пед кенешмелер,<br>ПЛАНДОО; окуучулар менен мугалимдердин катышуусунда чыгымдоо стратегиясын иштеп чыгуу тренингин өткөрүү, пед ткенеште кароо.<br>Өнүгүү план<br>1) коомдук бирикмелердин катышуусунда каражаттарды тартуу<br>2)Демөөрчүлүктү тартуу<br>3) Ар кандай денгээлдеги долбоорлорго катышуу | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 4) кошумча билим берүү кызматтарын уюштуруу<br>5.)Көзөмөлчүүлөр кенеши тарабынан каражаттарды тартуу | |

**Күчтүү жактар:** 1.Жогорку рейтинг мектептин атаандашыкка жөндөмдүүлүгү, билим берүү кызматтары рыногунда алдынкы орундар
2.жогорку увалификациялуу административдик кадрлар ресурсу
3.Камкорчулар кенешинин жана кызыктыруучу фондун каражаттарынын эсебинен мектептин педагогикалык жана башка кызматкерлеринин материалдык жактан стимулдаштыруу төмөнкүлөргө көмөк көрсөтөт.
Билим берүү кызматын көрсөтүүнүн сапатына
Кадрлардын жана башка кызматкерлеринин алмашуусун кыскартууга
Кызматкерлердин мотивациясынын жогорку даражасы
Инновациялык технологияларды өнүктүрүү жана жайылтуу
Камкорчулар кенешинин коомчулук менен иштөө боюнча эффективдүү иштеши.
Демөөрчүлөрдү тартуу

**Алсыз жактар:** Камкорчу кенешине мүчөлүк ыктыярдуу, ошондуктан кенештин мүчөлөрүнүн санына жараша келерки жылы акчалай жардамдардын түшүүлөрүнүн көлөмү болжолдоо мүмкүн эмес. Бул финансылык тобокелдиктерди жаратат.
**Сунуштар; 1.** Камкорчулар кеңеши, мектеп администрациясы, педагогикалык жамаат окуучулардын билим сапатын жогорулатууга, мектептин материалдык- техникалык базасын чыңдоого багытталган ата- энелер коомчулугуна түшүндүрүү иштерин улантат.

## 3. Корутунду

Жүргүзүлгөн өзүн-өзү баалоонун негизинде комиссия ыйгарым укуктуу органда институционалдык аккредитациядан өтүү үчүн документтерди жиберүүнү сунуштайт.

## ЖЫЙЫНТЫКТОО.

### Алсыз жана күчтүү жактары.

1. Таланттуу окуучулар менен тынымсыз иш алып баруу. Билим берүү системасынын системалык түрдө иш алып баруусу. Кээ бир ата-энелердин баланын билим алуусуна көңүл бурбагандыгы.
2. Эгерде мугалимдер мурда сабактарында жыйынтыктоочу баалоого басым жасап келишсе, бүгүнкү күндө сабактарында калыптандыруучу баалоону, анын техникаларын колдонууга өтүштү.
3. Педагогикалык методдорду, билим берүүнүн формаларын, технологияларын баалоо жана түзөтүү үчүн окуучулар менен үзгүлтүксүз өз ара байланышты пайдалануу талапка ылайык жүргүзүлөт.
4. Окуучуларды кабыл алуу, бүтүрүү жобого ылайык жүргүзүлөт.
5. Мугалимдерди жумушка кабыл алууда биринчи кезекте атайын түзүлгөн комиссия тарабынан аңгемелешүүдөн өткөрүү зарыл.
6. Окуучулардын китеп окуусу үчүн окуу залынын жоктугу.
7. Ата-энелердин, коомчулуктун мектеп менен байланышы чыңалат. Мектептин иши менен кызыктар болот. Балдарды тарбиялоодо ата-энелердин жана коомчулуктун жоопкерчилиги жогорулайт.

## СУНУШТАР:

1. Мектептин камкорчу кеңешинин ишин мындан ары да күчөтүү.
2. Калыптандыруу методикасын ишке ашыруу.
3. Айыл жергесиндеги, алыскы жана тоолуу аймактардагы орто мектептерде кыска мөөнөттүү окууларды жана семинарларды өткөрүү.
4. УТБнун  тестине окуучуларды так илимдер сабактары боюнча катыштыруу.

5. Кээ бир класстарды заманбап технологиялар менен камсыз кылуу. Менталдык арифметика боюнча мугалимдерди курстардан өткөрүү.
6. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу максатында онлайн курстарды өткөрүү. ЖОЖдордо сапаттуу кадрларды даярдоо.
7. Кээ бир ата – энелердин билим берүү программалары менен түшүнүгү жоктугунда. ММКлар менен тыгыз иш алып баруу.